**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А.** ____________________
**«8» октябрь 2025-ж.**

**Кошумча баракча – бейтап үчүн маалымат**

**Налгезин®, 275 мг, жука чел кабык менен капталган таблеткалар**
Таасир берүүчү зат: напроксен

**Препаратты колдонуунун алдында кошумча баракчаны толугу менен окуп чыгыңыз, анткени анда сиз үчүн маанилүү маалымат камтылган.**
Препаратты ар дайым ушул кошумча баракчадагы маалыматтарга же дарылап жаткан дарыгериңиз же дарыкана кызматкеринин көрсөтмөсүнө ылайык кабыл алыңыз.
Кошумча баракчаны сактап коюңуз. Сизге аны кайра окуп чыгыш керек болушу мүмкүн.
Эгерде сизге толугураак маалымат же кеңеш керек болсо, анда дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.
Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар байкалса, дарылоочу дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз. Бул сунуш ар кандай мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде кошумча баракчанын 4-бөлүмүндө көрсөтүлбөгөндөргө да тиешелүү.
Эгерде абал жакшырбаса же начарласа, анда дарыгерге кайрылуу керек.

**Кошумча баракчанын мазмуну**


1. Налгезин® препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат.
2. Налгезин® препаратын кабыл алуунун алдында эмнелерди билүү керек.
3. Налгезин® препаратын кабыл алуу.
4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар.
5. Налгезин® препаратын сактоо.
6. Таңгактоонун курамы жана башка маалыматтар.


## 1. Налгезин® препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат

Налгезин® препаратынын курамында ооруну басуучу, дененин ысык табын түшүрүү жана сезгенүүгө каршы таасири бар напроксен камтылат. Напроксен циклооксигеназа ферментинин (ЦОГ-1, ЦОГ-2) активдүүлүгүн төмөндөтөт.
Налгезин® препараты жакшы эрийт, ашказан-ичеги жолунан тез сиңет жана ооруну басуучу таасирдин тез башталышын камсыз кылат.

Препарат төмөнкү фармадарылык топко кирет: сезгенүүгө каршы жана ревматизмге каршы препараттар; стероиддик эмес сезгенүүгө каршы жана ревматизмге каршы препараттар; пропион кислотасынын туундулары.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Налгезин® дары препараты чоңдорго жана жашы 15 тен ашкан балдарга колдонуу үчүн көрсөтүлгөн.

- Таяныч-кыймыл аппаратынын оорулары (жумшак ткандардын ревматикалык жабыркашы, периферийлык муундардын жана омурткалардын остеоартрозу, анын ичинде радикулярдык синдрому менен, тендовагинит, бурсит).
- Жеңил же орточо оордуктагы оору синдрому: невралгия, оссалгия, миалгия, люмбоишиалгия, сезгенүү менен коштолгон мертинүүдөн кийинки оору синдрому (чоюлуп калуулар жана кокустатып алуулар), баш оору, шакый, альгодисменорея, тиш оору.
- Айкын оору синдрому менен (фарингит, тонзиллит, отит) кулактын, тамактын, мурундун инфекциялык-сезгенүү ооруларын комплекстүү дарылоонун курамында.
- «Суук тийүү» жана жугуштуу оорулар учурундагы калтыратма синдрому.

Налгезин® препараты симптоматикалык дарылоо үчүн колдонулат (ооруну, сезгенүүнү азайтуу жана көтөрүлгөн дене табын төмөндөтүү үчүн) жана негизги оорунун өнүгүшүнө таасир этпейт.
Эгерде абал жакшырбаса же сиз начарлоону сезсеңиз, анда дарыгерге кайрылуу керек.

## 2. Налгезин® препаратын кабыл алуунун алдында эмнелерди билүү керек

**Каршы көрсөтмөлөр**

Налгезин® препаратын төмөнкү учурларда кабыл албаңыз:

- эгерде сизде напроксенге же препараттын башка курам бөлүктөрүнө (кошумча баракчанын 6-бөлүмүндө аталган) аллергия бар болсо;
- бронх астмасынын толук же толук эмес айкалышы, мурундун же мурун көңдөйлөрүнүн кайталануучу полипозу жана ацетилсалицил кислотасына жана башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарды көтөрө албастык (анын ичинде оору таржымалында);
- аорткоронардык шунтирлөөнү жүргүзгөндөн кийинки мезгил;
- ашказан же он эки эли ичегинин былжыр челиндеги эрозиялык жана жаралуу өзгөрүүлөр, ашказан-ичегиден активдүү кан агуулар;
- курч фазадагы ичегинин сезгенүү оорулары (спецификалык эмес жаралуу колит, Крон оорусу);
- гемофилия жана кандын уюшунун башка бузулушу жана гемостаздын бузулушу;
- баш сөөк ичиндеги (цереброваскулярдык) кан агуу же башка кан агуулар;
- декомпенсацияланган жүрөк жетишсиздиги;
- айкын боор алсыздыгы же активдүү боор оорусу;
- айкын бөйрөк алсыздыгы (креатинин клиренси (КК) 30 мл/мин аз), прогрессивдүү

бөйрөк оорусу, тастыкталган гиперкалиемия (кандагы калийдин деңгээлинин жогорулашы);

- сиз кош бойлуусуз же эмчек эмизесиз;
- сиз 15 жаштан кичинесиз.

Эгерде жогоруда аталгандардын кайсынысы болбосун сизге тиешелүү болсо (же сизде кандайдыр бир шектенүүлөр болсо), бул тууралуу сөзсүз түрдө сизди дарылап жаткан дарыгерге маалымданыз.

**Колдонуу боюнча өзгөчө көрсөтмөлөр жана этияттуулук чаралары**

Кошумча баракчада көрсөтүлгөн дозаларды ашырбаңыз.

Ашказан-ичеги жолу тарабынан жагымсыз реакциялардын пайда болуу кооптуулугун азайтуу үчүн минималдуу натыйжалуу дозаны мүмкүн болушунча кыска курста колдонуу керек.

Оору жана калтыратма сакталып же күчөп кетсе, дарыгерге кайрылуу керек.

Бронхиалдык астмасы бар, кандын уюушунун бузулушу менен ооруган бейтаптар, ошондой эле башка ооруну басаңдатуучу препараттарга сезгичтиги бар бейтаптар Налгезин® препаратын кабыл алуунун алдында дарыгер менен кеңешүү керек.

Боор оорусу жана бөйрөк алсыздыгы менен бейтаптар препаратты этияттуулук менен кабыл алышы керек. Бөйрөк алсыздыгы бар болгондо дарыгер креатинин клиренсин көзөмөлдөп турат. Креатинин клиренси 30 мл/мин аз болгондо напроксенди кабыл алуу сунушталбайт. Өнөкөт алкоголдук жана боор циррозунун башка формаларында байланышпаган напроксендин концентрациясы жогорулайт, ошондуктан мындай учурларда төмөнкү дозаны кабыл алуу сунушталат. Препаратты эки жума колдонгондон кийин боор функциясынын көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөө керек.

Налгезин® препаратын дарыгердин дайындоосунан тышкары башка сезгенүүгө каршы жана ооруну басаңдатуучу препараттар менен бирге кабыл албаш керек.

Улгайган бейтаптарда да препараттын төмөнкү дозасын кабыл алуу сунушталат.

Напроксенди хирургиялык кийлигишүүлөргө чейин 48 саат ичинде ичпеш керек. 17-кортикостероиддерди аныктоо зарыл болсо, препаратты изилдөөгө 48 саат калганда токтотуш керек. Ошо сыяктуу эле, напроксен заарада 5-гидроксииндолуксустук кислотасын аныктоого таасир этиши мүмкүн.

Налгезин® препаратынын ар бир таблеткасы болжол менен 25 мг натрийди камтыйт. Бул тузду колдонууну чектөөдө эске алынышы керек.

**Балдар жана өспүрүмдөр**

Препарат жашы 15 чейинки балдарга жана өспүрүмдөргө колдонууга каршы көрсөтүлгөн.

**Башка препараттар жана Налгезин® препараты**

Эгерде сиз башка препараттарды кабыл алып жатсаңыз, жакында эле кабыл алган болсоңуз же кабыл ала турган болсоңуз, анда сиздин дарыгерге же дарыкана кызматкерине айтыңыз. Атап айтканда, эгерде төмөндөгүлөрдү кабыл алып жатсаңыз, дарыгериңизге айтыңыз:

- Курамында магний жана алюминий камтылган антацид препараттары. Мындай

препараттар напроксендин сиңирүүсүн азайтат, ал анын натыйжалуулугун төмөндөтөт.

- Антикоагулянттар (кандын уюшун азайтуучу препараттар, мисалы, варфарин, гепарин ж.б.). Стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттар антикоагулянттардын таасирин күчөтүп, кан агуу убактысын көбөйтүшү мүмкүн.
- Антитромбоцитардык препараттар (мисалы, клопидогрел же ацетилсалицил кислотасы) же серотонинди кайра кабыл алуунун селективдүү ингибиторлору (мисалы, флуоксетин же циталопрам). Напроксен менен бирге колдонуу ашказан-ичегиден кан кетүү кооптуулугун жогорулатат.
- Ацетилсалицил кислотасы же башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттар, анын ичинде циклооксигеназа-2 селективдүү ингибиторлору (мисалы, целекоксиб). Налгезин® жана башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарды бирге колдонуу кыйыр натыйжалардын пайда болуу кооптуулугун жогорулатат.
- Зидовудин (вируска каршы препарат). Бир убакта колдонууда напроксен кандагы зидовудиндин концентрациясын жогорулатат.
- Метотрексат (иммуносупрессант), фенитоин (карышууга каршы) же сульфаниламиддер (микробго каршы каражат). Напроксен метотрексаттын, фенитоиндин, сульфаниламиддердин бөлүп чыгарууну жайлатат, алардын уулуу таасирин өнүктүрүү кооптуулугун жогорулатат.
- Мифепристон (кош бойлуулукту токтотуу үчүн колдонулуучу препарат). Налгезин® препаратын, ошондой эле башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарды, мифепристонду кабыл алгандан кийин 8-12 күндүн ичинде кабыл алуу сунушталбайт.
- Заара чыгаруучу (диуретиктер), мисалы фуросемид. Налгезин®, башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттар сыяктуу, диуретиктердин заара чыгаруучу таасирин азайта алат. Диуретиктер стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарды колдонуу фонунда бөйрөктүн бузулуу кооптуулугун (нефротоксичность) жогорулатат.
- Кандын плазмасынын белоктору (гидантоиндер, антикоагулянттар ж.б.) менен көп өлчөмдө байланышуучу препараттар. Напроксен бул препараттардын кан плазмасынын белоктору менен байланышын азайтып, ашыкча дозалануу кооптуулугун жогорулатат.
- Иммундук системанын активдүүлүгүн басуучу препараттар (иммуносупрессанттар), мисалы Такролимус же циклоспорин. Налгезин® препаратын, ошондой эле башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарды жана иммуносупрессанттарды бир убакта колдонуу нефротоксиктик (бөйрөктүн бузулушу) же бөйрөк жетишсиздигинин кооптуулугун жогорулатат.
- Артериалдык басымды төмөндөтүүчү препараттар (пропранолол жана башка бета-блокаторлор). Налгезин® мындай препараттардын активдүүлүгүн төмөндөтүшү мүмкүн; Налгезин® мүмкүн ангиотензинди айландыруучу

ферменттердин ингибиторлорун колдонуу менен байланышкан бөйрөк жетишсиздигинин өнүгүү кооптуулугун жогорулатат.

- Кан жаратууну токтотуучу препараттар. Мындай препараттар Налгезин® препаратынын гематотоксиктүүлүгүнүн (кандын клеткалык курамына терс таасири) пайда болушун күчөтүшү мүмкүн.
- Кандагы напроксендин концентрациясын жогорулаткан пробенецид (подаграны дарылоо үчүн колдонулуучу каражат).
- Литий туздары. Напроксен литийдин бөлүнүп чыгышын азайтат, бул анын кандагы концентрациясынын жогорулашына алып келет.
- Стероиддик сезгенүүгө каршы препараттар (кортикостероиддер). Стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарды жана кортикостероиддерди бир убакта колдонуу жаралардын пайда болуу же ашказан-ичеги-карындан кан кетүү кооптуулугун жогорулатат.

**Налгезин® препаратын тамак-аш, суусундук жана алкоголь менен колдонуу**

Тамактануу дээрлик напроксендин сиңирүү ылдамдыгына да, толуктугуна да таасир этпейт.

**Кош бойлуулук, эмчек эмизүү жана фертилдүүлүк**

Налгезин® препараты кош бойлуу учурда жана эмчек эмизүү мезгилинде каршы көрсөтүлгөн. Эгерде сиз кош бойлуу же эмчек эмизген болсоңуз, кош бойлуу болушум мүмкүн деп ойлосоңуз же кош бойлуу болууну пландап жатсаңыз, бул препаратты ичердин алдында дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

Напроксенди, ошондой эле простагландиндердин синтезин бөгөттөөчү башка препараттарды колдонуу фертилдүүлүккө таасир этиши мүмкүн, ошондуктан аны кош бойлуулукту пландаштырган аялдарга колдонуу сунушталбайт.

**Транспорт каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө**

Напроксен бейтаптарга реакция ылдамдыгын жайлатат. Муну транспорт каражаттарын, механизмдерди айдоодо жана көңүл бурууну талап кылган милдеттерди аткарууда эске алуу керек.

**Налгезин® препараты натрийди камтыйт**

Бул препарат болжол менен 25 мг натрийди (1 таблеткада) камтыйт. Бул тузду колдонууну чектөөдө эске алынышы керек.

## 3. Налгезин® препаратын кабыл алуу

Бул препаратты ар дайым кошумча баракчада көрсөтүлгөндөй так же дарыгериңиз же дарыкана кызматкеринин кеңешине ылайык кабыл алыңыз. Эгер шектенүүлөр пайда болсо, дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз. Эгерде сизде препараттын таасири өтө күчтүү же алсыз деп ойлосоңуз, бул тууралуу дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине айтыңыз.

**Сунушталган доза**

*Чоңдор*

Ооруну басаңдатуу үчүн колдонулган кадимки суткалык доза 2-3 таблетканы (550-825 мг) түзөт. Максималдуу суткалык доза - 3 таблетка (825 мг).

Налгезин® препаратын ысыкты түшүрүү каражаты катары колдонууда, баштапкы доза 2 таблеткадан, андан кийин ар бир 8 саат сайын 1 таблеткадан (275 мг) колдонулат.

Шакыйды алдын алуу жана дарылоо үчүн сунушталган баштапкы доза 2 таблеткадан (550 мг) турат, зарылдыгына жараша ар бир 8-12 саат сайын 1 таблеткадан (275 мг) ичсе болот. Максималдуу суткалык доза - 3 таблетка (825 мг).

Менструалдык ооруну жана карышууларды, жатын ичине спиралды (ЖИС) киргизүүдөн кийинки ооруну жана башка гинекологиялык ооруну басаңдатуу үчүн препаратты баштапкы дозада 2 таблеткадан (550 мг), андан кийин ар бир 8 саат сайын 1 таблеткадан (275 мг) дайындоо сунушталат.

Ашказан-ичеги жолу тарабынан жагымсыз реакциялардын пайда болуу коопту улугун азайтуу үчүн препаратты мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө минималдуу натыйжалуу дозада кабыл алуу керек.

*Улгайган курактагы бейтаптар ( $\geq 65$ жаш)*

65 жаштан ашкан бейтаптар препаратты ар бир 12 саат сайын керектөөсүнө жараша кабыл алышы керек.

Балдарда жана өспүрүмдөрдө колдонуу

*15 жаштан жогорку курак*

Дозалоо режими чоңдор үчүн дозалоо режимине окшош.

*15 жашка чейин курак*

Налгезин® препараты 15 жашка чейинки балдарга колдонууга каршы көрсөтүлгөн.

**Кабыл алуу ыкмасы жана (же) жолу**

Ичүү үчүн. Таблеткаларды көп өлчөмдөгү суу менен ичүү керек.

**Дарылоонун узактыгы**

Колдонуу узактыгы – 5 күндөн ашык эмес.

**Эгер сиз Налгезин® препаратын керектегенден көбүрөөк кабыл алган болсоңуз**

Дароо дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

Напроксендин бир кыйла ашыкча дозасы уйкучулук, диспепсиялык бузулуулар (зарына, жүрөк айлануу, кусуу, ичтин оорушу), алсыздык, кулактын чуулдашы, кыжырдануу, кан кусуу, мелена, аң-сезиминин бузулушу, карышуулар жана бөйрөк алсыздыгы менен мүнөздөлөт.

Налгезин® препаратын кокустан же атайылап көп өлчөмдө кабыл алган бейтап ашказанын жууп, активдештирилген көмүрдү ичип, симптоматикалык дарылоону жүргүзүшү керек: антацидтер, $H_2$-рецепторлорунун блокаторлору, протон насосунун ингибиторлору. Гемодиализ натыйжасыз.

Препаратты колдонуу боюнча суроолоруңуз болсо, дарыгериңизге кайрылыңыз.

## 4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар

Бардык дары препараттары сыяктуу эле, Налгезин® препараты жагымсыз реакцияларга алып келиши мүмкүн, бирок алар бардыгында эле пайда боло бербейт.

Напроксенди, башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттар сыяктуу эле, колдонуу артерия тромбозунун (мисалы, миокард инфаркты же инсульт) пайда болуу кооптуулугунун бир аз жогорулашы менен коштолушу мүмкүн.

Стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттар менен дарылоо учурунда шишик жана жүрөк жетишсиздигинин симптомдору, артериалдык басымдын жогорулашы жөнүндө маалымдалган.

Төмөнкү **олуттуу жагымсыз реакциялардын** бирин байкасаңыз, дароо препаратты колдонууну токтотуңуз жана медициналык жардамга кайрылыңыз:

- жаралардын өнүгүшү, кээде өлүмгө алып баруучу ашказандын перфорациясы жана/же ашказан-ичегиден кан кетүү, өзгөчө улгайган бейтаптарда, кан кусуу, мелена (кара жарым суюк заң);
- жаралуу колиттин же Крон оорусунун кайталанышы же күчөшү;
- буллездик реакциялар, анын ичинде Стивенс-Джонсон синдрому жана уулуу эпидермалдык некролиз (катуу интоксикация, бөртмөлөр жана териде ыйлаакчалар менен коштолот);
- бөйрөк алсыздыгы, бөйрөктүн папиллярдык некрозу;
- асептикалык менингит (напроксенди колдонуу менен себептик байланыш аныкталган эмес);
- ангионевротикалык шишимик (напроксенди колдонуу менен себептик байланыш аныкталган эмес).
- Жайылган исиркектер, дененин жогорку табы, кандын лабораториялык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү ("боор" ферменттеринин активдүүлүгүнүн жогорулашы, эозинофилдерин санынын көбөйүшү (эозинофилия)), лимфа түйүндөрүнүн чоңоюшу жана ички органдардын жабыркашы (эозинофилия жана систамалык симптомдор менен дары реакциясы, ошондой эле DRESS-синдром деп аталат); пайда болуу жыштыгы "белгисиз" деп аныкталган (болгон маалыматтарга таянып, пайда болуу жыштыгын аныктоо мүмкүн эмес).

Башка жагымсыз реакциялар

Төмөнкү жагымсыз реакциялардын бирин байкасаңыз, дарыгериңизге айтыңыз:

*Тез-тез (10 адамдын ичинен 1 пайда болушу мүмкүн):*

- баш оору;
- демигүү;
- ич оорусу;
- теринин кычышуусу;
- ич катуу;
- диспепсия;
- кусуу;

- диарея;
- метеоризм;
- баш айлануу;
- уйкучулук;
- теридеги исиркектер, экхимоз (териге кан агуу), пурпура (териге майда кан агуу);
- көрүүнүн бузулушу;
- угуунун бузулушу, кулактын дуулдашы;
- күчөгөн тердөө;
- шишимик;
- чаңкоо;
- жүрөктүн кагышын сезүү;
- стоматит.

*Көп эмес (100 адамдын ичинен 1 пайда болушу мүмкүн):*

- жогорку сезгичтүүлүк реакциялары;
- эозинофилдик пневмония (өпкөнүн сезгениши);
- бөйрөктүн функциясынын бузулушу (гломерулонефрит, интерстициалдык нефрит, нефротикалык синдром);
- гематурия (заарада кандын пайда болушу);
- жүрөк жетишсиздигинин токтолуусу;
- кусуу;
- фотодерматоздор (теринин күн нуруна сезгичтүүлүгүнүн жогорулашынан келип чыккан сезгенүү);
- миалгия (булчуңдардын оорушу);
- сарык;
- угуунун басаңдашы;
- гипертермия (чыйрыгуу жана калтыратма);
- булчуңдардын алсыздыгы, ооруп калуу сезими;
- депрессия;
- уйкунун бузулушу же уйкусуздук;
- алопеция (таз болуу);
- этек кир циклинин бузулушу;
- көңүл топтой албоо;
- «боор» ферменттеринин активдүүлүгүн жогорулашы;
- эозинофил деп аталуучу (эозинофилия) кан клеткаларынын санынын жогорулашы;
- кээ бир кан клеткаларынын санынын төмөндөшү (гранулоцитопения, лейкопения же тромбоцитопения).

*Белгисиз (колдо болгон маалыматтар боюнча пайда болуу жыштыгын баалоо мүмкүн эмес):*

- гастрит.

Напроксенди кабыл алган адамдарда төмөнкү жагымсыз реакциялар байкалган, бирок бул жагымсыз реакциялардын напроксенди колдонуу менен байланышы **аныкталган эмес**:

- бөрү жатыш;
- васкулит (тамырлардын сезгениши);
- мультиформалык эритема (териде кызгылт тактардын же башка исиркектер пайда болушу);
- теринин кечки порфириясы жана буллездик эпидермолиз сыяктуу фотосезгичтүүлүк реакциялар (күн нурунун таасири астында теринин кызарышы же сезгениши);
- когнитивдик дисфункция (эс тутумдун, көңүл буруунун, концентрациянын төмөндөшү);
- гипогликемия;
- апластикалык жана гемолитикалык аз кандуулук;
- гипергликемия.

**Жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүү**

Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, анда дарылоочу дарыгер же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз. Бул сунуш бардык мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде бул кошумча баракчада көрсөтүлбөгөн реакцияларга да жайылтылат.

Сиз ошондой эле, Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттин аймагында табылган дары препараттарынын натыйжасыздыгы жөнүндө билдирүүлөрдү кошо алганда, дары препараттарына жагымсыз реакциялар (таасирлер) боюнча маалыматтар базасына жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирсеңиз болот. Жагымсыз реакциялар жөнүндө кабарлоо менен, сиз препараттын коопсуздугу жөнүндө көбүрөөк алууга жардам бересиз.

*Россия Федерациясы*
109012, Москва ш., Славянск аянты, 4-үй, 1-курулуш
Саламаттык сактоону тармагындагы көзөмөлдөө боюнча федералдык кызмат
Тел.: +7 (800) 550 99 03
Электрондук почтасынын дареги: pharm@roszdravnadzor.gov.ru
Веб-сайты: https://roszdravnadzor.gov.ru

*Беларусь Республикасы*
220037, Минск ш., Товарищеский тар көчөсү, 2а үй
"Саламаттык сактоодогу экспертизалар жана сыноолор борбору" УИ
Тел.: + 375 (17) 242 00 29
Факс: +375 (17) 242 00 29
Электрондук почтасынын дареги: rcpl@rceth.by, rceth@rceth.by
Веб-сайты: www.rceth.by

*Казакстан Республикасы*
010000, Астана ш., Байконыр району, А. Иманов көч., 13-үй, «Нурсаулет 2» ББ
Казакстан Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык жана

фармацевтикалык көзөмөлдө комитетинин "Дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды экспертизалоонун Улуттук борбору" ЧЖУ РМИ
Тел.: + 7 7172 235 135
Электрондук почтасынын дареги: farm@dari.kz
Веб-сайты: www.ndda.kz

*Армения Республикасы*
0051, Ереван ш., Комитас проспектиси, 49/5 үй
"Дары каражаттарынын жана медициналык технологиялардыэкспертизасынын илимий борбору" МКЭУ
Тел.: (+ 374 10) 20 05 05, (+374 96) 22 05 05
Электрондук почтасынын дареги: vigilance@pharm.am
Веб-сайты: http://www.pharm.am

*Кыргыз Республикасы*
720044, Чүй областы, Бишкек ш., 3-линия көч., 25-үй
Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
Тел.: + 996 (312) 21 92 86
Электрондук почтасынын дареги: pharm@ dlsmi.kg
Веб-сайты: www. dlsmi.kg

## 5. Налгезин® препаратын сактоо

Препаратты бала көрө албагыдай кылып, бала жетпеген жерде сактоо керек.
Таңгакта «Чейин жарактуу:…» деген сөздөн кийин көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү (сактоо мөөнөтү) аяктагандан кийин препаратты колдонууга болбойт.
Жарактуулук мөөнөтү ошол айдын акыркы күнү болуп саналат.
25 °С дан жогору эмес аба табында түп нуска таңгакта (картон кутучасындагы блистер) сактоо шарт.
Препаратты канализацияга (суу түтүкчөсүнө) таштабаңыз. Дарыкана кызматкеринен кереги тийбей калган препаратты кантип утилизациялоону (жок кылууну) сураңыз. Бул чаралар айлана-чөйрөнү коргоого жардам берет.

## 6. Таңгактоонун курамы жана башка маалыматтар

**Налгезин® препаратынын курамы**

Таасир берүүчү зат болуп напроксен саналат.
Ар бир таблетка 275 мг натрий напроксенин камтыйт.
Башка ингредиенттер (көмөкчү заттар): повидон К30, микрокристаллдык целлюлоза, тальк, магний стеараты, тазаланган суу, Опадрай YS-1R-4215 (гипромеллоза, титандын диоксиди (Е171), макрогол, индигокармин боегучу (Е132)).

**Налгезин® препаратынын тышкы көрүнүшү жана таңгактын курамы**

Овалдуу эки бети томпок, көгүлтүр түстөгү жука чел кабык менен капталган таблеткалар.

ПВХ/алюминий фольгадан блистерде 10 таблеткадан.
1 же 2 блистер кошумча баракча менен бирге картон кутуга салынган.

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси жана өндүрүүчү**
«КРКА, д.д., Ново место» АК / KRKA, d.d., Novo mesto
Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения / Smarjeska cesta 6, 8501 Novo mesto, Slovenia

**Препарат жөнүндө ар кандай маалымат алуу үчүн, ошондой эле арыз-доолор келип чыккан учурларда, каттоо күбөлүгүнүн ээсинин өкүлүнө же каттоо күбөлүгүнүн ээсине кайрылуу керек.**
*Россия Федерациясы*
«КРКА-РУС» ЖЧК
143500, Москва обл., Истра ш., Москва көч., 50-үй
Тел.: +7 (495) 994 70 70
Факс: +7 (495) 994 70 78
Электрондук почтанын дареги: krka-rus@krka.biz

*Беларусь Республикасы*
Беларусь Республикасында «KRKA, tovarna zdravil, d.d., Novo mesto» (Словения Республикасы) Акционердик коомунун өкүлчүлүгү
220114, Минск ш., Филимонов көч., 25Г-үй, 315-кеңсе
Тел.: 8 740 740 92 30
Факс: 8 740 740 92 30
Электрондук почтанын дареги: info.by@krka.biz

*Казакстан Республикасы*
«КРКА Казахстан» ЖЧШ
050040, Алмата ш., Микрорайон КОКТЕМ-1, дом 15А, 601-кеңсе
Тел.: + 7 (727) 311 08 09
Электрондук почтанын дареги: info.kz@krka.biz

*Армения Республикасы*
Армения Республикасындагы «Крка, д.д., Ново место» өкүлчүлүгү
0001, Ереван ш., Налбандян көч., 106/1-үй ("САЯТ-НОВА" БИЗНЕС БОРБОРУ), 103-кеңсе
Тел.: + 374 11 56 00 11
Электрондук почтанын дареги: info.am@krka.biz

*Кыргыз Республикасы*
Кыргызстандагы «КРКА, товарна здравил, д.д., Ново место» АКтын өкүлчүлүгү
720040, Чүй областы, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 71-үй, А блогу
Тел.: + 996 (312) 66 22 50

Электрондук почтанын дареги: info.kg@krka.biz

**Кошумча баракча кайра каралып чыккан**

**Маалыматтын башка булактары**
Дары препараты боюнча толук маалыматтар Биримдиктин веб-сайтында камтылган: https://eec.eaeunion.org
Кошумча баракча Биримдиктин бардык тилдеринде Биримдиктин веб-сайтында жеткиликтүү.